системалуу мамилени жана окутуу методикасын дайыма өркүндөтүүнү талап кылат. Студенттердин окуу процессине активдүү катышуусуна шарт түзүү, алардын демилгесин жана креативдүүлүгүн колдоо, ошондой эле заманбап билим берүү ресурстарына жана технологияларына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу маанилүү. Мындай учурда гана студенттерибиздин ийгиликтүү келечегинин өбөлгөсү боло турган толук кандуу инновациялык маданиятты калыптандырууга жетишүү болот. Жыйынтыктап айтканда, инновациялык ыкмалар жана жаңы технологиялары заманбап билим берүүдөгү негизги багыттардын бири болуп саналат. Мында ар бир студенттин жеке мүмкүнчүлүктөрү, кызыгуулары, деңгээлдери, баалуулуктары сөзсүз түрдө эске алынат [4.28].

Студенттердин активдүүлүгүн арттырууга мотивация болуп жеке көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Окутуучуга өз предметинин мазмунун терең билүү менен эле бирге бир студенттин өнүгүүсүн камсыздоо үчүн тиешелүү методиканы жана каражаттарды тандай билүүсү аны ийкемдүү колдонуусу шарт. Ошондоу менен эле бирге окутуучу программалык билим берүү жана өз предмети боюнча тажрыйбага ээ болуусу керек. Мындай багыттагы сабактарда кызматташуу жана ынтымак биргелешип иштөө эн биринчи планга коюлуусу керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Г.Б.Рогова, Методика обучения иностранным языке 1991г.
2. Р.И.Хожомуратов, ISSN 2413-1032, 2020ж.
3. К.К.Юдахин, орусча-кыргызча сөздүк 2000ж.
4. Окутуунун инновациялык технологиялары №23, 2004ж.
5. И.В.Ставцева, И.А.Колегова Методика преподавания иностранных языков. Ч.2020 г.

**УДК.378.02.372.** **https://doi.org/10.56122/..v2i2.234**

# БАЛА ТАРБИЯЛООДО ҮЙ БҮЛӨЛҮК БААРЛАШУУНУН РОЛУ

Даминова Инабаткан
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
dinabat@list.ru

**Аннотация.** Бул макалада үй-бүлө ичиндеги баарлашуу үлгүлөрүнүн жана алардын балага тийгизген таасирлеринин ар тараптуу аспектилери көрсөтүлөт. Ата-эне менен баланын ортосундагы баарлашуунун мүнөзү, баланын инсандык калыптанышындагы таасири жана үй-бүлөлүк чөйрөдөгү баарлашуу маданиятын өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү изилдөөнүн негизги максаты катары каралат. Муну менен катар, үй-бүлөдө позитивдүү жана колдоочу баарлашуу чөйрөсүн түзүү боюнча илимий сунушталат . Демек үй - бүлөдөгү нарк насилди калыптандырууну ата- бабаларыбыз колдонгон турмуштук идеяларынан жана тажрыйбаларынан колдонуу мүмкүнчүлүгүндө турат. Үй-бүлө — баланын инсандык калыптанышындагы алгачкы жана негизги тарбиялоочу чөйрө болуп саналат, жана бул чөйрөдөгү баарлашуунун ролу өзгөчө чоң. Бул макалада үй-бүлө ичиндеги баарлашуу баланын адеп-ахлактык баалуулуктарын, эмоциялык туруктуулугун, жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүдө канчалык маанилүү экендиги каралды. Изилдөөлөрдөн көрүнгөндөй, бала ата-эненин түшүнүктүүлүгү жана колдоосу аркылуу өзүнө ишенимдүү болуп, позитивдүү баарлашуу маданиятын калыптандырат. Ошону менен бирге, үй-бүлөдөгү баарлашуунун түрүнө жана сапатына жараша баланын инсандык сапаттары жана коомдук чөйрөгө болгон мамилеси түзүлөт.

**Негизги сөздөр:** үй- бүлө, баарлашуу,бактылуулук , сезим, бала.

## РОЛЬ ОБЩЕНИЕ В СЕМЕЙНОМ ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ

**Аннотация.** В этой статье представлены комплексные аспекты моделей общения в семье и их влияние на ребенка. Основной целью исследования рассматриваются характер общения родителей и детей, влияние на формирование личности ребенка и важность развития культуры общения в семейной среде. Кроме того, с научной точки зрения рекомендуется создавать в семье позитивную и благоприятную среду общения. 29 января 2021 года Постановление № 1 «О духовно-нравственном развитии и физическом воспитании человека» и 30 августа 2022 года ПГ № 303 об утверждении Национальной программы по сохранению и развитию национальных ценностей. в 2022-2027 годах - поднимается вопрос совершенствования семейного воспитания. Поэтому ценность в семье состоит в умении использовать жизненные идеи и опыт, использованные нашими предками для формирования поколения. Семья является первой и основной воспитательной средой в формировании личности ребенка, и роль общения в этой среде особенно велика. В данной статье рассматривается, насколько важно семейное общение в развитии у ребенка моральных ценностей, эмоциональной устойчивости и социальных навыков. Исследования показывают, что благодаря родительскому пониманию и поддержке ребенок становится более уверенным в себе и развивает позитивную культуру общения. При этом в зависимости от типа и качества общения в семье формируется личность ребенка и его отношение к социальной среде.
Ключевые слова: семья, общение, счастье, чувство, ребенок.

## THE ROLE OF FAMILY COMMUNICATION IN CHILDREN'S RAISING

**Abstract.** This article presents a comprehensive overview of communication patterns within the family and their impact on the child. The main objective of the study is to examine the nature of communication between parents and children, their impact on the formation of the child's personality, and the importance of developing a culture of communication in the family environment. In addition, scientific recommendations are made on creating a positive and supportive communication environment in the family. In accordance with the Resolution No. 1 of January 29, 2021 “On the spiritual and moral development of a person and physical education” and the Presidential Decree No. 303 of August 30, 2022 on approving the National Program for the Preservation and Development of National Values for 2022-2027, the issue of improving family education is urgently raised. Therefore, the value of the family lies in the opportunity to use the life ideas and experiences of our ancestors to shape the generation. The family is the first and main educational environment in the formation of a child's personality, and the role of communication in this environment is especially great. This article examines how important communication within the family is in the development of a child's moral values, emotional stability, and social skills. As studies show, a child, through understanding and support from parents, becomes self-confident and forms a positive communication culture. At the same time, the child's personal qualities and attitude to the social environment are formed depending on the type and quality of communication in the family.
**Keywords**: family, communication, happiness, feelings, child.

Үй-бүлө – баланын алгачкы социалдык чөйрөсү жана тарбиялоо институту. Баланын инсан катары калыптанышында үй-бүлөлүк баарлашуу негизги ролду ойнойт. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамиле, баарлашуу стили жана эмоционалдык байланышы баланын келечектеги жашоосундагы жүрүм-турум, адеп-ахлак жана социалдык көндүмдөрүн түзүүдө чечүүчү фактор болуп эсептелет.

Тарбиянын башаты үй- бүлө болуп саналат. Лев Толстой мындай дейт “ Бардык бактылуу үй- бүлөлөр бири- бирине окшош, ал эми ар бир бактысыз үй-бүлө өзүнчө бактысыз”. Бактылуу үй- бүлөнүн негизги белгилери дээрлик окшош, демек жакшы тарбия жолдорунун формуласын табууга болот. Ал эми тарбиясы начар үй- бүлөнүн бактысыз болушу түрдүү жагдайларга жараша боло тургандыгы белгилүү.

Никеге туруудан мурда нике институтунун олуттуулугун түшүнүү, жубай тандоонун маанилүүлүгү , никеге кандай маани берээри жөнүндө эки тарап сүйлөшүү керек. Кыргызда жакшы бактылуу үй- бүлөлүк бакыттын эң маанилүү негизги принциби - үй бүлөнүн ичиндеги баарлашуу сапаты. Туура баарлашуу жаңыдан үй - бүлө курулгандан баштап эле башталат. Туура эмес баарлашуу бийик жерден карды тоголоктоп тоголотсо, өөнгө түшкөндө көлөмү чоңоюп көчкүгө айланат. Күчкүнүн алдында калган жубайлар мындай пикирин айтышат. Мени жубайым түшүнбөдү, түшүнсө ажырашмак эмесбиз. Кеч болуп калды. Бул сезимдердин деңгээлинде баарлаша албай калуунун белгиси болуп саналат. [ 1 ]

Баарлашуу – бул үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы түшүнүү жана сезим алмашуу процессин камсыздоочу негизги каражат. Ата-эненин бала менен болгон баарлашуусу анын психологиялык жана эмоционалдык өсүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Ачык жана ишенимдүү баарлашуу баланын өзүнө ишенимдүү болушуна, конфликттерди туура чечүүгө жана позитивдүү социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет**.**

Демек, туура эмес үй- бүлөлүк баарлашуу акырындык менен үй- бүлөлүк чыр чатакка айланат. Бул үй- бүлөсүнө, кийинки жашоосуна, бала тарбиялоо маселесине терс таасирин тийгизет. Белгилүү наватор педагог Г.Мадаминов мындай дейт “Эгер ата менен эне бири- бирине мээримдүү болсо, , ошол үйдө , балдар гүлдөй ачылат.”[5.76 ] Мээримдүү баарлашуунун үй- бүлөдө ролу чоң жана баарлашуунун негизги тиешелүү болгон принциптери бар. Аларга эмоционалдуу баарлашуу жана интеллектуалдуу баарлашуунун мааниси чоң. Баарлашуунун эки тиби колдонулат. Кептик жана кептик эмес (вербалдык эмес баарлашуу: жаңсоо,мимика) –булар сезим аркылуу жетпесе өз маанисин жоготот.

Вербалдык баарлашууда ата-эне менен бала арасындагы сүйлөшүү, кеңеш берүү, кеп-кеңеш суроо сыяктуу коммуникация түрлөрүн колдонуу маанилүү. Бул балага өзүнүн ойлорун эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бактылуу үй-бүлөлүк жашоону камсыз кылган бул- **ишеним.** Ишенимди пайда кылууда үй-бүлөдө эки сөз колдонулат “ооба”, “жок” деген. **Ооба** сөзү адамдардын ортосунда кандайдыр бир жакындыкка жол ачуунун жолун көрсөтүп, жаңы милдеттерди, жаңы чечимдерди табууга жардам берет, үй- бүлөнүн жашоосун жигердүү тонуста кармайт. **Жок** сөзүн пайдалануу менен барлашуунун энергиясы, каалоосу токтойт. Вербалдык эмес баарлашууда мимика, жест жана көз караш аркылуу байланыш түзүлөт. Жубайлар ортосундагы баарлашуу проблемасын карап жатып психологдор анын таасирдүүлүгүн эбак эле аныкташып, кептик баарлашуудан , дене тилин колдонуп сезимдик баарлашуунун ролу чоң экендиги белгилешкен. [1]

Сезимдик баарлашууну жаш жубайлардын өздөштүрүүсү , үй - бүлөдө ынтымактуу үй куруп, бала тарбиялоодо түздөн-түз таасирлүү экендиги белгилүү. Жаш жубайлар бири-бирин кыймылынан , көзүнон чыккан жашынан, жүзүндөгү уялуусунан, жылмаюсунан, көз карашынан эле байкоого болот. Бирок барлашууда адамдын эки органы көз, кулак активдүү катышат. Кыргызда мындай айтылат: “Көз жакшы нерсе көрсө, ооздон жакшы сөз чыгат”, “Кулак укса курсак кайнайт”дегендей эки адамдын баарлашуусунда көз секундасына 10 миллион бит кабыл алса, кулак 100 миң бит гана кабыл алат. Демек, дене тилинде көз өзгөчө орунду ээлейт. Психолгиялык изилдөөлөр боюнча баарлашуунун түрлөрүн белгиленген.Баланын эмоционалдык абалын түшүнүүдө бул түр чоң роль ойнойт.Иш-аракет аркылуу баарлашуу менен биргелешкен иш-чаралар (мисалы, оюндар, үй жумуштары) үй-бүлөлүк байланышты бекемдейт. **[2]**

Үй-бүлөлүк туура баарлашуу жана анын тарбияга болгон таасири чоң.
Үй-бүлөдө баарлашуу формасы балага тарбия берүү ыкмасын аныктайт. Демократиялык жана колдоочу үй-бүлөлөрдө өскөн балдар адатта эмоционалдык жактан туруктуу жана жоопкерчиликтүү болушат. Ал эми авторитардык же көңүл кош мамиле үстөмдүк кылган үй-

бүлөлөрдө бала коркунучтуу, өзүнө ишенимсиз же агрессивдүү болуп өсүшү мүмкүн.

Үй-бүлөлүк баарлашуу маданиятка жана социалдык чөйрөгө да көз каранды. Ар кайсы маданиятта баланы тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү ар кандай болгондуктан, бул факторлор ата-эненин баарлашуу стилине таасир этет. Кыргыз салтында ата-энени, улууларды сыйлоо абдан маанилүү орунда турат. Үй-бүлөдө улууларды урматтоо, аларга жардам берүү, сөзүн бөлбөй угуу, насааттарын эске алуу сыяктуу көндүмдөрдү балага үйрөтүү аркылуу алардын ыймандуулук сапаттарын өнүктүрсө болот. Ошондуктан кыргызда “ Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат” деп айтылат.

Кыргыздар тойлордо, жолугушууларда жаштарды жана балдарды чоңдордун ортосундагы баарлашууга катыштырууга аракет кылышкан. Бул салт аркылуу балдар эл алдында сүйлөөгө, өз оюн жеткиликтүү айтууга жана өзүн маданияттуу алып жүрүүгө үйрөнүшөт. Ошондой эле, саламдашуу жана амандык сурашуу сыяктуу жөнөкөй эле көрүнүштөр аркылуу балдарга сылык мамиле калыптанат. Илгери ата өз баласын атка учкаштырып, тууган туушкандарга, тойлорго алып барышкан. Ошол себептен кыргыздар “Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны” деп макал айтышкан. [4 ]

Баланы жети жашка чейин эненин мээрими менен тарбиялап, андан кийин атанын тарбиясына өткөрүү салты бар. Бул салттын мааниси – баланы алгач мээримдүүлүк жана камкордук менен тарбиялап, андан кийин жоопкерчилик жана тартип менен чоңойтуу болуп саналат. Бул наристенин инсандык сапаттарын калыптандырууда маанилүү. Кыргыз үй - бүлөсүндө балага мээрим менен үңүлүп, жакшы көрүү сезимин саамайынан жыттап жакшы көрүү сезимин билдирген. Бул балада турмушка болгон ишенимин калыптоого негиз болгон.
Заманбап үй-бүлөдө бала тарбиялоодо баарлашуунун түрдүү формаларын колдонсо болот.

- Ачык жана ишенимдүү диалог куруунун мааниси чоң. Заманбап үй-бүлөдө бала менен ачык баарлашуу -анын жеке ойлору менен сезимдерин бөлүшүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү керек. Ата-энелер баласынын ой-пикирин урматтап, түшүнүүгө аракет кылган чөйрө түзгөндө, бала өзүнө ишенимдүү жана эмоционалдык жактан туруктуу болот.
- Тең укуктуу баарлашуу- бүгүнкү күндө баланы тарбиялоодо жолу өтө натыйжалуу. Бул ыкмада бала ата-энеси менен бирдей деңгээлде баарлашып, анын пикирлери эске алынат. Бул баланын жоопкерчилик сезимин калыптандырып, өз алдынча ойлонуу жөндөмүн өнүктүрөт.
- Демонстрациялык баарлашууда бала үчүн ата-эненин үлгүсү чоң мааниге ээ. Заманбап үй-бүлөдө балага өзүн кандай алып жүрүү керектигин көрсөтүү, анын тартибин жана жүрүм-турумун калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Ата-эне өзүнүн иш-аракеттери менен балага адамгерчилик, эмгекчилдик, жана жоопкерчилик сыяктуу сапаттарды үйрөтө алат.
- Биргелешкен убакыт өткөрүү- үй-бүлөдө биргелешкен оюндар, саякаттар, үй тапшырмаларын аткаруу, же жөн гана чогуу убакыт өткөрүү — булар баарлашуунун баалуу түрлөрү болуп саналат. Бирге өткөрүлгөн убакыт эмоционалдык байланышты күчөтүп, үй-бүлө ичинде жакындыкты камсыз кылат.
- Технологиялык каражаттарды колдонуу менен технологиялардын өнүгүүсү менен заманбап үй-бүлөдө баарлашуунун жаңы формалары да пайда болду. Балдар менен байланыш түзүүдө ата-энелер мессенджерлер, видеочалуу жана социалдык тармактарды колдонуу менен алардын кызыкчылыктарына жакын болот. Бул бала менен тыгыз байланышта болууга жана аны түшүнүүгө шарт түзөт.
- Жекече маек- үй-бүлө мүчөлөрү арасында ар бир бала менен жекече сүйлөшүү анын жеке инсандык сапаттарын түшүнүүгө жардам берет. Бул ыкма ар бир баланын өзгөчөлүктөрүнө ылайык мамиле түзүүгө жана аны менен байланыш түзүүгө чоң өбөлгө түзөт. [1 ]

Бул формалар заманбап үй-бүлөдө баланын адептик жана эмоционалдык калыптанышында чоң мааниге ээ. Сөзүбүз курук болбош үчүн эки элдин үй бүлөлүк маданиятын, баарлашуу стилин салыштырып көрөлү.

Түрк жана орус үй-бүлөлөрүндөгү бала тарбиялоо өзгөчөлүктөрү жана салттары айрым негизги маданий өзгөчөлүктөрдөн улам айырмаланат. Бул эки элдин бала тарбиялоодо жалпы максаттары окшош болгону менен, практикалык колдонулушунда жана салттык өзгөчөлүктөрүндө олуттуу айырмачылыктар бар. Мисалы: Түрк маданиятында коллективизм жогору бааланат, үй-бүлөлүк биримдик биринчи орунда турат. Бала тарбиялоодо бардык үй-бүлө мүчөлөрү, чоң ата-чоң эне, жакын туугандар активдүү катышат жана жоопкерчиликти тең бөлүшөт. Бала өзүн үй-бүлө жана жамааттын бир бөлүгү катары сезип, алардын каада-салтына, маданиятына сый-урмат менен мамиле кылып чоңоёт.

Орус үй-бүлөлөрүндө да үй-бүлөлүк байланыш бааланганы менен, тарбия берүүдөгү ролду көбүнчө ата-эне аткарат, туугандардын ролу салыштырмалуу чектелүү болушу мүмкүн. Орус маданиятында баланын өз алдынчалуулугун жана жеке инсандык калыптанышын баса белгилөө маанилүү орунда турат. Балага эрте жаштан өзүнө жана чечимдерине жоопкерчилик алуу үйрөтүлөт.

Балага болгон мамилеси да эки башкача жүрөт. Түрк ата-энелери балдарына мээримдүү жана колдоочу мамиле кылууга умтулушат. Алар үчүн балага кам көрүү, ага жол көрсөтүү, жакшы мамиле жасоо маанилүү, бирок ошол эле учурда бала үй-бүлөнүн каада-салттарын сактап, алардын каадасынан чыкпашы керек. Баланы тарбиялоодо адеп-ахлакка жана коомдук баалуулуктарга басым жасалат. Кээде энеси же атасы катуу тартип орнотуп, баланын адептүүлүгүн жана жоопкерчилигин калыптандыруу үчүн өзгөчө тартип ыкмаларын колдонушу мүмкүн.

Орус үй-бүлөлөрүндө баланын өз алдынча ой жүгүртүүсүнө жана жеке пикирине сый мамиле жасалат. Балага өз ойлорун билдирүүгө, өзүнө ишенимдүү болууга жана өз алдынча иш кылууга эркиндик берилет. Ошол эле учурда тарбияда катаал тартиптен көрө ишеним жана ынтымак жогору бааланат. Ата-энелердин милдети – баланын өзүнө болгон ишенимин, жеке көз-карашын жана эркин ой жүгүртүүсүн колдоп, анын инсандуулугун өнүктүрүү болуп эсептелет.

Түрк маданиятында дин жана салттар бала тарбиялоодо маанилүү орунда турат. Ислам дининин эрежелери жана түрк элдик салттары балдардын адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырууда колдонулат. Үй-бүлө ичинде улууларга сый-урмат көрсөтүү, чоңдордун сөзүн угуу, ошондой эле ыйман жана адамгерчиликке басым жасоо түрк маданиятынын өзгөчөлүктөрү болуп саналат.

Орус үй-бүлөлөрүндө диний баалуулуктар ар түрдүү болушу мүмкүн, анткени Орусия көп улуттуу жана ар түрдүү конфессияларга таандык. Орус үй-бүлөсүнүн салттарында диндин ролу бар, бирок социалдык жана тарыхый факторлордон улам балдарды тарбиялоодо динге болгон басым салыштырмалуу аз болушу мүмкүн. Бала тарбиялоодо көбүнчө светтик, гуманисттик баалуулуктар жана билим берүүгө басым жасалат.

Түрк үй-бүлөлөрүндө билимге болгон мамиле жогору бааланат, бирок кээ бир учурларда балдардын өз үй-бүлөсүнө жакын болушу, ата-энеге жардам берүүсү да милдеттүү деп саналат. Билим берүүдө ата-энелер балдарын сабырдуулукка, эмгекчилдикке жана жоопкерчиликке үйрөтүүгө аракет жасашат.

Орус үй-бүлөлөрүндө билим жана интеллектуалдык өнүгүүгө чоң маани берилет. Баланын өз алдынча окуусуна жана билим алуусуна шарт түзүп берүү – бул ата-эненин негизги милдеттеринин бири. Балдарды эрте жаштан китеп окууга, изилдөөгө жана чыгармачылык менен алектенүүгө үндөшөт. [3 ]

Үй-бүлө — баланын инсандык калыптанышындагы алгачкы жана негизги тарбиялоочу чөйрө болуп саналат, жана бул чөйрөдөгү баарлашуунун ролу өзгөчө чоң. Бул макалада үй-бүлө ичиндеги баарлашуу баланын адеп-ахлактык баалуулуктарын, эмоциялык туруктуулугун, жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүдө канчалык маанилүү экендиги каралды. Изилдөөлөрдөн көрүнгөндөй, бала ата-эненин түшүнүктүүлүгү жана колдоосу аркылуу өзүнө ишенимдүү болуп, позитивдүү баарлашуу маданиятын калыптандырат. Ошону

менен бирге, үй-бүлөдөгү баарлашуунун түрүнө жана сапатына жараша баланын инсандык сапаттары жана коомдук чөйрөгө болгон мамилеси түзүлөт.

**Сунуштар**

1. **Ата-энелердин активдүү катышуусу** — үй-бүлөдөгү баарлашуу маданиятын түзүүдө ата-энелер активдүү роль ойношу керек. Бала менен туруктуу жана чын ыкластуу баарлашуу анын аң-сезимдүү жана өзүнө ишенген инсан болуп калыптанышына шарт түзөт.
2. **Позитивдүү баарлашуу чөйрөсүн түзүү** — үй-бүлөдө ишенимге жана түшүнүүгө негизделген чөйрө түзүү баланын эмоциялык коопсуздугу үчүн маанилүү. Ата-энелер конфликттерди тынчтык жолу менен чечүүнү жана баланын ою менен сезимдерине түшүнүү менен мамиле кылууну үйрөнүшү зарыл.
3. **Үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоо** — балага адептик негиздерди жана адамгерчиликтүү баалуулуктарды калыптандыруу үчүн үй-бүлөлүк адептик эрежелерди орнотуу жана аларды үлгү кылуу маанилүү. Мунун негизинде бала өзүнүн чөйрөсүнө жоопкерчиликтүү мамиле кылган инсан катары калыптанат.
4. **Үзгүлтүксүз сабактар жана тренингдер** — ата-энелерге үй-бүлөдөгү баарлашуу маданиятын өнүктүрүүгө арналган тренингдерди жана сабактарды өткөрүү пайдалуу. Мында алар балдар менен конструктивдүү баарлашуунун ыкмаларын үйрөнүшөт.

Бул сунуштар аркылуу үй-бүлөдө балага жагымдуу баарлашуу чөйрөсүн түзүп, анын инсандык калыптанышына жана коомдук адаптациясына натыйжалуу таасир этүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Бала тарбиялоодо үй-бүлөлүк баарлашуу негизги ролду ойнойт. Ачык, ишенимдүү жана позитивдүү баарлашуу баланын инсандык калыптанышына жана коомдо өз ордун табуусуна шарт түзөт. Ошондуктан ата-энелер баарлашуунун сапатына жана түрлөрүнө өзгөчө көңүл бурушу зарыл.

**Колдонулган адабияттар.**

1.Ж. Борочоров, А.Раимбекова “Ааламдашуу доорундагы үй –бүлө.”Бишкек- 2013-189 б.
2.Выготский, Л.С"Психологиялык өнүгүү теориясы." . М.;1982.-149 –б.
3.Бронфенбреннер, У. "Экологиялык системалар теориясы жана бала тарбиясы."М.; 1986 – 184
4. М.Сатыпалдиев"Кыргыз үй-бүлөсүндөгү тарбиянын өзгөчөлүктөрү." , М. 2020 - 8.
5. Гапыр Мадаминов “Жетекчиге жеке талап” Китеп kg.;-2023- 121

---

**УДК: 373.3.**

## КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЭЛДИК КЕНЧ-КАЗЫНАЛАРЫНЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## ВЛИЯНИЕ НАРОДНЫХ СОКРОВИЩ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

## THE INFLUENCE OF FOLK TREASURES ON THE FORMATION OF ENVIRONMENTAL CULTURE OF JUNIOR HIGH SCHOOL STUDENTS

***Жалилова Самара Баймуратовна-Ош МПУ, окутуучу***
**Zhalilova1978@gmail.com**
***Orcid:*** **https://orcid.org/0009-0002-2846-8038**

**Аннотация.** Бул макалада башталгыч кенже мектеп окуучуларынын арасында экологиялык маданиятты калыптандыруу үчүн элдик байлыктарды окуу-тарбия процессинде колдонуунун маанисине көңүл бурулат. Ошондой эле балдардын экологиялык маданиятын калыптандырууда элдик кенч-казыналарынын ролу изилденет. Изилдөө балдардын экологиялык аң-сезиминин өнүгүшүнө салттуу экологиялык баалуулуктар менен таанышуунун таасирин аныктоо максатында жүргүзүлөт.